| **II** | **САЛТТУУ КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮК ЖАНА ӨНӨР ЖАЙ** | | | |
|---|---|---|---|---|
| **№** | **Элементтердин түрлөрү** | **Элементтердин мүнөздөмөсү** | **Элементтердин аталышы** | **Жайылтылуучу тармагы** |
| 6 | Техника жана технология,<br>Саллттуу кол өнөрчүлүккө байланыштуу техника жана технология | Кийиз басуу кыргыз кол өнөрчүлүгүнүн эң негизги түрлөрүнүн бири болуп эсептелинет.<br>Кыргыз эли кийизден шырдак, калпак жана башка көп нерселерди жасап келген. Кыргыздын үйү болгон боз үйдө да кийиз колдонулат. Кийиз кыргыз элинин жашоо шартына жана айлана-чөйрөсүнө дал келет. Кийиз боз үйдү кыштын суугунан жана жайдын ысыгынан сактоого колдонулган, кийизден кийим тигилген.<br>Кийизди койдун жүнүнөн колго басат. Кийиз басуу көп эмгекти талап кылып, аны көбүнчө аялдар басат, эркектер менен балдар жардамдашып турушат. Кийиздин чоңдугуна жараша, бир кийизди жасоого 3-4 кишинан 5-6 сааттык эмгегин талап кылышы мүмкүн. Бир нече үй-бүлө биригип, боз үй тиккенде жерге сала турган кийизге окшогон өтө чоң кийизди жасашы мүмкүн. Мындай кийизде оймо-чийме жок болот жана эре-кийиз деп аталат. Жүндүн түсүнө ылайык, боелбогон кийиз ак, агыш, күрөң же кара болушу мүмкүн.<br>Тер кийиз деп аталган оймолору бар кийиз ар кандай буюмдар менен кийимди жасоого колдонулат.<br>Кийизди басаардын алдында жүн жуулуп, сабалып, колго тытылат. Керек болсо андан кийин жүн боелот. Андан кийин жүн тегиз кылып чийге төшөлөт.<br>Жүн тегиз болуш үчүн, салып жатканда дайыма түздөп туруш керек. Бир-эки катмар салынгандан кийин, жүнгө ысык суу куюлуп турат. Жүндү салып бүткөндөн кийин, чийди бекем ороп, аркан менен байлайт. Анан ошол | кийиз жасоо боюнча салттуу билим | Кыргыз Республикасы |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | чийдин үстүнөн кийизди улам-улам ысык суу куюп баса баштайт.<br><br>Кийизди басып жатканда, анда-санда чийди чечип, кийиз тегиз болуп жатканы каралат, тегиз болбогон бурчтары тартылып тегизделет. Суу куюунун себеби, суу куйганда жүн бири бирине жакшы кирет. Эгерде кичинекей эле кийиз басылып жатса, аны кол менен эле басса болот. Чоң кийиз басылган учурда, чий арканга оролуп, бир нече ууз катарга тизелеп тизилип алып, кийизди чыканак менен басышат. Жаш балдар жана эркектер чийди тепкилеп да беришет. Жүн жакшы кирип кийиз болгондон кийин, кийиз өзү эле оролуп, дагы басылат. Канчалык көбүрөөк басылса, ошончолук сапаты жакшы болот. Сапатына жараша, кийизди бир нече жылга чейин колдонсо болот. | | |

**Маданий мурастарды сактоо**
**жана өнүктүрүү башкармалыгынын башчысы**
**Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат,**
**спорт жана жаштар саясаты министрлиги** **Р. Бакеев**

Unofficial translation

**Extract**
**from National Inventory of the Intangible Cultural Heritage of the Kyrgyz Republic**

| II | Traditional craftsmanship and technologies | | | |
|---|---|---|---|---|
| **№** | **Domain of the element** | **Description of the element** | **Name of the element** | **The current distribution region** |
| 6 | Techniques and Technologies, Techniques and technologies linked with traditional craftsmanship | One of the main Kyrgyz crafts is felting. Felt is an indispensable raw material for making various handicraft items such as carpets, cloths and headwear.<br>Felt is one of the main elements of a yurt, the traditional Kyrgyz dwelling. Felt has excellent insulating qualities and helps to keep a yurt warm in winter and cool in summer. Sheep wool is used for felting.<br>Felting is a labor-intensive process and that is why women, men and children were involved in making it with women taking a lead role in the process. Size of the felt carpet defines how many people and how much time is required to make it. E.g. it takes 6-7 hours for 3-4 persons to make a felt carpet of average size. Members of several families may come together to make a very big size felt carpets, e.g. for the yurt floors. Such felt carpets do not have ornaments on it and are called ere-kiyiz. Depending on a color of wool, undecorated felt may be of white, beige and brown color. Felt used for sewing cloths is thinner and is often decorated with ornaments.<br>The felting process starts with washing the wool and beating it with metal rods.<br>This process is called saboo in Kyrgyz (lit. beating the wool).<br>Often times felt is also fluffed by hand to clear it from small unwanted particles and pellets. Wool is dyed in advance for the ornamented felt. | Traditional knowledge on felt making | Kyrgyz Republic |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Depending on a size and shape of the felt carpets, clean wool is taken in small quantities and placed on a thatch (or needlegrass) mat. One needs to make sure that wool is placed evenly. After one layer of wool is placed on a mat, hot water is poured on top of it.<br>Craftswomen place two or three layers of wool on top of each other and pour hot water regularly on the wool.<br>After wool is placed, the mat is rolled up and tied up tightly with a rope. Then the rolling process starts. Hot water is poured on top of the mat and the mat is rolled on the ground. Felt-makers press the mats with their elbows and roll it back and forth. Often, felt-makers stomp on the rolled up felt as well. While rolling the felt, the mat is untied from time to time and the wool inside is checked. Thin and thick parts are pulled to make sure the carpet is even. Pouring hot water diminishes the friction between the wool strands and enables wool merging into a single carpet. When the felt is ready, the carpet is taken off the mat and rolled up on its own. It is rolled back and forth further to make sure felt is of better quality. The quality and durability of felt depends on how well the rolling was done. | | |

**Head, Department for Safeguarding**
**and Development of Cultural Heritage**
**Ministry of Culture, Information, Sports**
**and Youth Policy of the Kyrgyz Republic** **R. Bakeev**